# Даңктап ырдайм Тоңумду

Саякбай, Мамбет, Тыныбек.

Чеги жок онор устасы.

Дуйного элди тааныткан.

Ырыстуу элдин туткасы

Манжылы мйык туүган жер:

Манас шер таазим кылган жер

Баласыз келип бата алган

Бакытка бөлөп турган жер

Тамшанып тасма тарткан жер,

Саяпкер күлүк баккан жер

Бар булак. Туз көл байлыгым,

Энелер баатыр тапкан жер-

Бейиштей кооз төрлөрүн.

Көз жоосун алган көргөндүн-

Малдары семиз майы курч.

Кышында карды көрбөдүм-

Таланттар сүйүп жердеген.

Тоолору асман тиреген

Таалайым багым Тоң мекен,

Аскасы асман тиреген

Бүркүтү аба жиреген